## ТЕРЕҢ УРМАТТУУ ТИЛЕКТЕШ ИШЕМКУЛОВИЧ,
## АРДАКТУУ АЙЫМДАР ЖАНА МЫРЗАЛАР,
## КАДЫРЛУУ ЗАМАНДАШТАР ЖАНА КЕСИПТЕШТЕР!

Бүгүн улутубуздун улуу илимпоз-агартуучусу, академик Кусеин Карасаевдин атын алып жүргөн биздин мамлекеттик университетибиздин жалпы эмгек жамааты өзүнүн профессору Тилектеш Ишемкулов агайдын 85 жылдык торколуу тоюн салтанаттуу кырдаалда белгилеп жатат. Узун элдин учуна, кыска журттун кыйырына аттын кашкасындай таанымал болгон калкыбыздын кадырман, улутубуздун уңгүлуу уулу катары эбак эле таанылган бул инсан нары барктуу өмүр, нары барандуу эмгек жолун сыймыккорлук менен татыктуу басып өтүп, өзүнүн даңазалуу азыркы жаш-курагына жетип отурат.

Тилектеш Ишемкулович касиеттүү Ысык-Көл кылаасынын байыртадан бери карай: “Жер соорусу-Жети-Өгүз”, - деген ата-бабалардын кереметтүү атына конгон тоо койнундагы ажайып Барскоон айлында колхозчунун от башында жарык дүйнөгө келген. Ал өзү теңдүү элеттик сан миңдеген уландар сыяктуу эле, каргашалуу кан майдандын бардык азап-тозокторун өзүнүн жон териси менен сезип жүрүп, чоңоюп, бойго жеткен.

Мектепти аяктагандан кийин, Пржевальскидеги (Каракол) пединституттун орус тили жана адабияты факультетин “кызыл” диплом менен аяктап, өз айлында мугалим болуп иштеп турганда, комсомолдук кызматка көтөрүлүп, Жети-Өгүз райкомунун экинчи, кийин 1-катчысы болуп шайланган. 1962-жылдан так ушул азыркы тапка чейинки 63 жылдын аралыгында бир да күнү аттан түшпөстөн, ар кыл мамлекеттик жооптуу кызматтарда үзгүлтүксүз ат салышып, өрнөктүү жана үзүрлүү эмгектенип келе жатат. Тилектеш Ишемкулович андан кийин Москвададагы ВЛКСМ БКнын алдындагы Борбордук комсомол мектебин, КПСС БКнын алдындагы кайрадан жаңы ачылган Коомдук илимдер академиясын “кызыл” диплом менен бүтүрүп чыккан. Ооз учунан айтканга жеңил көрүнүп, артта калган ушул узак жолдун аралыгында ал көптөгөн жооптуу комсомолдук, партиялык, мамлекеттик, советтик журналисттик, парламенттик, дипломатиялык ж.б. кызматтарды кабагым-кашым дебей, камчы салдырбай, үзүрлүү жана жемиштүү эмгектенип келе жаткандыгы биздин ар бирибизди жана баарыбызды шыктандырбай, кубандырбай койбойт.

Т. Ишемкуловдун бүтүндөй эмгек ишмердигинин кыйла бөлүгү биздин окуу жайыбыздын тарыхы менен азыркы күнгө чейин ажырагыс байланышта уланып келүүдө. Ал 1987-жылдан бери туруктуу жана кынтыксыз түрдө БМУда иштеп, анын жалпы эмгек жамааты, жетекчилиги жана студенттеринин бийик урмат-сыйына татыды.

Биз өлкөбүздүн мамлекеттик, коомдук-саясий ишмери, КРдин маданиятына эмгек сиңирген ишмер, Атайын жана Толук ыйгарым укуктуу Элчиси, таланттуу даанышман, акын-жазуучу, адабият таануучу, журналист, публицист жана котормочу Тилектеш Ишемкулович агайыбызга узак өмүр, куунак көңүл, үй-бүлөлүк бакты-таалай, көп багыттуу ишмердигиндеги мындан аркы да байсалдуу жаңы ийгиликтерди ак пейлибизден каалап кеткибиз келет!

**БМУнун ректору, географиялык илимдердин доктору,**
**профессор Мирлан Муктарович Дылдаев**